**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ ____________ «____» ________ 20 __

Сизд.чыг. (На) № ____________ «____» ________ 20 __

**Ысык-Көл облусу, Ысык-Кол району, Тамчы айылы**
[redacted]
**Б.И. Калдыбаевага**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) Сиздин кайрылууңуз боюнча төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 62-беренесинин 2, 3-пунктарына ылайык:

*2. Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктарын аныктоодо ушул Мыйзамдын 59-1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык резервге калтырылган мандаттар талапкер аялдардын ортосунда бөлүштүрүлөт.* ***Башка талапкер аялдарга караганда көбүрөөк добуштардын санына ээ болгон талапкер аялдар*** *шайланган болуп таанылат.*

*Эгерде шайлоо округунда талапкер аялдардын саны резервге калтырылган мандаттардын санынан аз болсо, анда биринчи абзацта көрсөтүлгөн мандаттар бөлүштүрүлгөндөн кийин калган мандаттар ушул берененин 3-бөлүгүнө ылайык башка талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт.*

*Эгерде тиешелүү шайлоо округунда талапкер аялдар жок болсо, анда резервге калтырылган мандаттар ушул берененин 3-бөлүгүнө ылайык башка талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт.*

*3. Резервге калтырылган мандаттар бөлүштүрүлгөндөн кийин калган мандаттар калган талапкерлер арасында бөлүштүрүлөт. Добуш берүүгө катышкан тиешелүү шайлоо округунун шайлоочуларынын көбүрөөк добуштарынын санына ээ болгон талапкерлер (мандаттардын санына ылайык) шайланган болуп таанылат.*

Ошондой эле жогоруда аталган Мыйзамдын 59-1-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык, айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн ар бир айылдык кеңеш боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30 пайыздан аз эмеси резервге калтырылат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Шайлоо округунда резервге калтырылган мандаттардын саны тиешелүү шайлоо округундагы мандаттардын жалпы санына жараша болот:

***- 6 мандаттуу шайлоо округунда 2 мандат резервге калтырылат.***

Шайлоонун жыйынтыгы боюнча 6 мандаттуу № 4 Тамчы шайлоо округунда (УШК №3020, 3248) талапкерлер төмөнкүдөй добуштарга ээ болушкан.

| **мандаттуу № 4** Тамчы **шайлоо округу (УШК №3020, 3248)** | | |
|---|---|---|
| **№** | **Талапкерлердин фамилиясы, аты, атасынын аты** | **Шайлоочулардын талапкер үчүн берилген добуштардын саны** (төмөндөө тартибинде) |
| 1. | ИСМАИЛОВ КАЙРАТ САМАКОВИЧ | 523 |
| 2. | БЕЙШЕНАЛИЕВ АЗАМАТ БЕЙШЕНАЛИЕВИЧ | 464 |
| 3. | ЭШИМКАНОВ НУРДАН КЫРМАНБЕКОВИЧ | 422 |
| 4. | **АБДИЕВА ДИНАРА ТОКОНОВНА** | **389** |
| 5. | СЕЙДАКМАТОВ УСУПБЕК САГАЛИЕВИЧ | 344 |
| 6. | МАШАНЛО КУСЕИН ЧИНВАЕВИЧ | 339 |
| 7. | ТАБЫЛДЫ УУЛУ КАЙРАТ | 328 |
| 8. | БОЛОТБЕК УУЛУ АРЗЫМАТ | 321 |
| 9. | **ТОКТОБАЕВА ДИНАРА БОРОНБАЕВНА** | **249** |
| 10. | АБЫЛБЕК УУЛУ РУСЛАН | 232 |
| 11. | ШАКЕНОВ ШЕРИМБЕК КАЗИЕВИЧ | 232 |
| 12. | СМАГУЛОВ ДАЛЕНХАН САГАТОВИЧ | 211 |
| 13. | **КАЛДЫБАЕВА БИЛИМКАН ИЗБУКАРОВНА** | **185** |

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде биринчилерден болуп резервге калтырылган мандаттар эң көп добушка ээ болгон аял талапкерлердин арасында бөлүштүрүлгөн. Абдиева Динара Токоновна-389 добуш жана Токтобаева Динара Боронбаевна-245 добушка ээ болгондуктан, шайланган болуп таанылышкан. Калган мандаттар аял жэ эркек болсун алган добушуна жараша талапкерлердин арасында бөлүштүрүлгөн.

Ысык-Көл аймактык шайлоо комиссиясынын Тору-Айгыр-Тамчы айылдык кеңешинин мандаттарын бөлүштүрүү чечимин мыйзамдуу экенин маалымдайбыз.

Борбордук шайлоо комиссиясы сиздин жарандык позицияңыз үчүн ыраачылык билдирет жана сиздин "*аял эркек деп бөлбөстөн биринчи добушуна карата мандат берип, андан кийин квота боюнча мандат бөлүштүрүлүш керек*" деген сунушуңуз боюнча Мыйзамга өзгөртүүлөр жана толуктоолор кирген учурда эске алаарыбызды билдиребиз.

**Төраганын орун басары** **Н. Койчукеев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Атк: Б.Макешов
665186